Эл эмгегин жер жебейт!

# Таш-Мойнок жаңылыктары

№ 2

Январь 2019-жыл

## ТАШ-МОЙНОК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАШЧЫСЫНЫН КАЙРЫЛУУСУ:

БУЛ ЧЫГАРЫЛЫШТА:


| | |
|---|---|
| **АӨ башчысынын кайрылуусу** | **1** |
| **Жарыктандыруу, мектептер, жашылдандыруу** | **2** |
| **Бала бакча, айыл чарба, көпүрө** | **3** |
| **Спорт, социалдык тармак, копсуздук** | **4** |
| **Кулактандыруу, куттуктоо** | **4** |


**Урматтуу Таш-Мойнок айыл аймагынын тургундары!**

Таш-Мойнок айыл аймагында жүргүзүлүп жаткан иштердин аткарылышы боюнча, жергиликтүү бюджетти пайдалануунун ачыктыгы, аймакта болуп жаткан жетишкендиктердин жана келечектеги аткарылуучу иш пландарды биргелешип чечүүгө жүргүзүлгөн иштерди маалымат бюллетень (газета) кайрадан ишке кирише баштаганы бизди кубандырат!

Бюллетендин бул санында 2018 жылда социалдык-экономикалык өнүгүү планынын аткарылышы боюнча толук маалымат чагылдырылды. Ушул отчетко биз сиздер менен бирге бир топ ийгиликтерге жетиштик, көп нерселер жасалды.

Мисалы: көчөлөрдү жарыктандыруу, билим берүү тармагында толугу менен жылытуу системасы жаңырды, ашканалар капиталдык ремонттон өттү, ашканалар керектелүүчү азыркы талапка жооп берүүчү техника менен (мектептер бала бакчалар) жабдылды.

Сугат суу системасы оңдолду, спорт объектилер, көчөлөр, көпүрөлөр ондолду. Мындан ары да биргелешип аймакта жаралган көйгөйдүү маселелерди чогуу, биргелешип чечүүдө активдүү катышып, ар бир сунуштар колдоого алынып, каралат. Келечекте дагы чогуу биргелешип мыйзамдын чегинде көйгөйлүү маселелерди чечип иштешели.



Сиздерди урматтоо менен, Асанкулов Бекбосун Сатаркулович

## 2018-жылга Социалдык-экономикалык Өнүгүү Планын ишке ашырууга төмөдөгүдөй иш-чаралар өткөрүлдү

- Таш-Мойнок АА бардык 7 айылда жыйындар өткөрүлүп, аларга 275 киши катышып, анын ичинен 110 аялдар.
- Жыйындарда көйгөйлүү маселелер такталды.
- Социалдык-экономикалык өнүгүү планы иштелип чыкты.




**Көңүл буруңуздар!**

**Таш-Мойнок айыл аймагынын 2018-жылга Социалдык – Экономикалык Өнүгүү Планы Айылдык кеңештин 2018-жылдын** 18-февралындагы чечими менен бекитилген.

## Жарыктандыруу

Электр жарыктарын борбордук көчөлөрүнө орнотууга проекттик сметалык документтери 150 000 сомго даярдалды 6 айылга 9,5 км. Беш айылга 11,5 км аралыкка 151 даана электр жарыктары 100 Вт (Светодиод) 691 160 сомго орнотулду. Беш-Кунгей а. кошумча 1,9 км. аралыка 38 даана элетржарыктары 100 Вт. 172 000 сомго тендерден өттү. Тендер өткөзүлүп подрядчик «Наамат» ЖЧК утуп алды.
**Жалпы каражат: Жергиликтүү бюджеттен - 1 013 160 сом.**



## Жашылдандыруу, сугат суу



Прохладное айылына суугат суусу келүүчү 2 км. арыктар тазаланып, жасалды жана 30 даана лоток орнотулду. Ар бир короодо сугат суу кенен пайдаланып, 779 адам пайда алып жатат
**Жалпы каражат: 124 000 сом, анын ичинен:**

- Жергиликтүү бюджет – 70 000 сом
- СПА - 30 000 сом
- Элдин акчалай салымы - 24 000 сом.

Демөөрчүүлөр Коеналиев Ж. (Беш-Кунгей а. тургуну) жана «Барбила» жеке ишканасынын жардамы менен айыл аймакты жашылдандыруу үчүн көчөттөр алынып, отургузулду: ак кайың - 50 даана, терек - 300 даана, балаты - 20 даана 2,5 метрлүү, тур-пантал – 600 даана.
**Каражат демөөрчүлөрдөн: 200 000 сом**



## Билим берүү багытын колдоо: Мектептер жана бала бакчалар

✦ АА жайгашкан 3 орто мектептердин имараттардын күндөлүк оңдоо иштерине ЖБдан 130 000 с. каралды. С.Бегматова атындагы Таш-Мойнок орто мектебинин мешин толугу менен ондоого ЖБдан 309 000 с. бөлүнүп, тендер аркылуу толугу менен ишке киргизилди. Мектептерге жана бала бакчалардын электр энергиясы үчүн ЖБдан 2 724 200 с.бөлүндү.
**Жалпы ЖБдан: 3 163 200 с.**

✦ Горная-Маевка орто мектебине 8 даана конвектордук батареялары 17 550 с. тендер аркылуу сатылып орнотулду.



✦ Үч мектепке 182 тонна тендер аркылуу көмүр алынды:
С.Бегматова атындагы Таш-Мойнок орто мектебине, Кызыл-Бирдик башталгыч мектебине.
**Жалпы ЖБдан: 573 300 с.**

Кызыл-Бирдик башталгыч мектебине ЖБдан 53 980 с. көмүркана тендер аркылуу салынып берилди.



✦ Мектептердин, бала бакчалардын ар бирине өрткө каршы каражаттар ОП-5 үлгүсүндөгү (өрт өчүргүч) ЖБдан 58 440 с. тендер аркылуу алынып берилди. **Жалпы ЖБдан - 112 420 сом сарпталды.**

✦ Окуучуларды олимпиадаларга, спартакиадаларга барууга жол каражатына ЖБдан 78 000 с.

✦ С.Бегматова атындагы О.М. 5 окуучу менталдык арифметика боюнча Москва шаарына олимпиадага барып, үч окуучу 3-чү орунга ээ болушкан, 2 окуучу грамота менен сыйланган. ЖБдан 25 000 с. жана демөөрчүүлөр аркылуу 72 000 с. жол киресине бөлүнүп берилди.

✦ Бардык 3 мектепке ЖБдан 80610 сомго спорт инвентары алынды.
**Каржылоо булагы жалпы: 255 610 с.,** анын ичинен: ЖБ - 183 610 с., демөөрчүлөрдөн (35 адам) - 72 000 с.

✦ ЖБдан 273 092 сомго Беш-Кунгей О.М. ашканасын капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүлүп, электр лампалары алмаштырылды - 42 000 с., Мерсико долбоору - 365 000 с. керектүү техникалык жабдуулар алынып берилди,

✦ 285 окуучу 1-4 класска чейин ысык тамак менен камсыз кылынууда.

✦ Ашканасынын терезелери 68 000 сомго алмаштырылып,



жарыктандыруу плафондор орнотулду.
**Каржылоо булагы: жалпы сумма - 748 092 сом,** анын ининен: ЖБдан – 383 092 с., Мерсико долбоорунан - 365 000 с.

## Бала бакчалар

♦ Кой-Таш а. «Алтынай» бала бакчасынын чатыры толугу менен жаңыланып, бастырма (навес) курулуп берилди. Бул максатта ЖБдан 350 000 сом бөлүнду



♦ «Жаны Кадам» жана «Бекбол» бала бакчаларына ЖБ эсебинен принтер 25 000 с. алынды.

♦ «Алтынай» бала-бакчасына ЖБнын эсебинен 5 тонна көмүр 17 750 сомго алынып берилип, 8870 сомго 80 литрлик Аристон суу жылыткычы ашканага орнотулду.

♦ **Жалпы ЖБдан: 401 620 с.** ♦

3 бала бакчада жылдык ондоп түзөө иштерине 150 000 с. тен-



дер аркылуу чарба материалдар алынып берилди.

♦ 3 бала бакчага канцелярдык товар 28 095 с.тендер аркылуу алынып берилди.

♦ «Бекбол» бала бакчасынын ашканасына 36 м2 өлчөмүндө кафель 12 990 с. тендер аркылуу алынып берилди.

♦ «Бекбол» жана «Жаңы Кадам» бала бакчаларына сырткы даараткана курууга тендер өткөрүлүп, чуңкур казылып, бетон шакекчелери салынды – 55 000 с.

♦ 3 бала бакчаларга турмуш-тиричилик буюмдары 19 195 сомго тендер аркылуу алынып берилди.

♦ **Жалпы ЖБ-тен:- 265 280 сом**



## АӨ кызматкерлеринин дараметин жогорулатуу

♦ Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн иммараты ремонттон өткөрүлүп 118 000 сом акча каражаты сарпталды.

♦ Электр жылыткычтары 18300 сомго тендер аркылуу алынды

♦**Жалпы ЖБдан: 136 300 сом**



## Көпүрө ондолду

Тукешов Данияр менен биргеликте – 100 000 сом акча-каражатына Аламүдүн капчыгайдын ичиндеги эски көпүрө ондолду.





● Иманбай Салымбековдун демөөрчүлүк жардамы аркылуу арыктар тазаланып суу түтүктөрү жана дарбаза (шлюз) **100 000 с.** коюлду.

## Айыл чарба багытындагы өздөштүрүү

● Ирригация тармагын жакшыртуу боюнча Кой-Таш жана Прохладное айылдарда – 5 км арык тазаланды.

● Жайыт комитети менен биргеликте мал суугарылуучу жерлер (водопой) курулду.



●КР Өкмөтүнөн 1 958 000 с. таштанды ташуучу машине белек катары берилген, ишке кирди.

**Каржылоо булагы жалпы:**
**2 004 480 с.**, анын ичинен:
СПА бюджетинен - 46 480 с.,
КР Өкмөттүнөн - 1 958 000 с.

● Горная-Маевка айылында малдарды калкалоочу бастырма (загоно-навес) курулду.

●Малдын жүнүн кыркууга төрт даана аппарат алынып берилди. **Каржылоо жалпы:**
**1 473 573 с.**, анын ичинен:
жергиликтүү бюджеттен - 70 000 с., Жайыт комитетинен – 203 573 с., АРИС долбоорунан – 1 200 000 с.

Таш-Мойнок АА

Дарегибиз:
Чүй облусу, Аламүдүн району,
Таш-Мойнок АА, Кой-Таш айылы

Телефон: (0312) 452857,
(0705) 290 953
Факс: (0312) 452 344
Эл. почта: tashmoinok@mail.ru

**ТАШ-МОЙНОК АА**


**Сайт:**
**www.tash-moinok. kg**

## Спорт өнүгүү

✦ ОсОО «Кум-Шагыл» демөөрчүү катары улак-тартылуучу аянтчаны 100 000 с. салып берди.

✦ Кой-Таш айылына демөөрчү А. Салымбеков тарабынан 1 035 000 сомго кичи футбол аянтчасынын килеми алмашылды жана жарыктандыргычтар орнотулду, тор карматуучу таянычтар оңдолуп, 4 даана контейнер коюлду.

♦ **Каржылоо булагы жалпы:** Демөөрчүлөрдөн: 1 135 000 сом



## Социалдык тармак

✦ Фонд Ассалам аркылуу жакыр жашаган 150 үй-бүлөнүн ар бирине 5 каптан көмүр берилди.

✦ Каржылоо булагы: Демөөрчү Фонд Ассалам: 192 500 сом

## Маданият

Кой-Таш айылында демөөрчүлөр Коеналиев Ж.




жана Абдразаков С. аркылуу 142 900 сомго Улуу Ата-Мекендик эстеликти реставрация жасалды.
**Каржылоо булагы жалпы: 142 900 сом**
Демөөрчү **:** 70 000 сом

# Бош орундар

**Таш-Мойнок айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар» жөнүндөгү мыйзамынын негизинде төмөндөгүдөй кызматтарга сынак жарыялайт.**

- Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарына - 1 талапкер,
- Өзгөчө кырдаалдар жана мамлекеттик тил боюнча башкы адиске - 1 талапкер,
- Жер маселелери боюнча - 1 талапкер,
- Жер жана жерге жайгаштыруу маселелери боюнча - 1 талапкер .

# Куттуктоо

**Урматтуу кесиптештер!**

Джайчиев А.К.,
Чоңмурунова М.Ч.,
Албарова К.А.,
Кенжегозиев А,Ж.,
Шапакова Э.К.,
Мамытова Б.Б.,
Аджикеев А.,
Джусупова А.А.,
2018-жылдын жыйынтыгы боюнча көрсөткөн салымыңыздар үчүн алган Ардак грамоталарыңар кут болсун!

Силерге чың ден соолук, ишиңерге ийгилик каалап, дагы көп ийгиликтерди жарата беришиңиздерге тилектешбиз!



*Маалымат бюллетени Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн адистери тарабынан даярдалып, Швейцария өкмөтү тарабынан Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги аркылуу каржыланып, Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун техникалык колдоосунда жарык көрдү.*